**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК - КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТҮП РАЙОНУ**
**КАРКЫРА**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЫСЫК – КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТЮПСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**КАРКЫРА**

XXIX – чакырылыштагы Каркыра айылдык кеңешинин 13 – сессиясы

# ТОКТОМ

2026-жылдын 26-февралы Талды-Суу айылы

**Каркыра айыл аймагында спирт ичимдиктерин сатуу убактысын чектөө жөнүндө**

Каркыра айыл аймагында коомдук тартипти сактоо, үй-бүлөөлүк зордук-зомбулукту алдын алуу жана укук бузууларды чettетүү, ошондой эле тургундар арасында сергек жашоо образын жайылтуу максатында Каркыра айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Каркыра айыл аймагында жайгашкан бардык соода түйүндөрүндө, дүкөндөрдө жана коомдук тамактануу жайларында спирт ичимдиктерин таңкы саат 09:00дөн кечки саат 21:00гө чейин сатууга тыюу салынсын.
2.Айыл өкмөтүнө:
бул токтомду айыл аймактагы бардык соода түйүндөрүнө жайылтуу;
калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;
Тиешелүү органдар менен биргеликте анын аткарылышын уюштуруу тапшырылсын.
4.Каркыра айыл аймагындагы ишкерлерге жана соода түйүндөрүнүн ээлерине бул токтомдун талаптарын так сактоо милдеттендирилсин.
5.Бул токтомдун аткарылышын КР 2021- жылдын 5-май № 60 мыйзамынын негизинде көмөктөшүү төмөнкүлөргө жүктөлсүн:
Айыл өкмөтүнө жана анын социалдык бөлүмүнө – түшүндүрүү жана алдын алуу иштерин жүргүзүү;
Аксакалдар сотуна жана аймактагы укук коргоо органдарынын бөлүмүнө;
Аялдар кеңешине жана жаштар уюмдарына – жаштар арасында сергек жашоо образын жайылтуу максатында иштерди алып баруу;
6.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Төрага** **Абдылда у.Т.**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 103, 16.03.2026

Кол койгон: Абдылда уулу Т.